Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

85 жыл

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№01 (223) 2024-жыл, февраль Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

## ЖИЗНЬ, ПОСВЯЩЁННАЯ НАУКЕ



3-5-бет

## ОШМУ 85 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИН БЕЛГИЛЕЙТ



2-бет

## ОШМУДАН ТАБЫЛГАН БАКЫТ



12-бет




*ОшМУ мырзасы Нурсултан Эркебеков: "Бардык нерсе эмгекти талап кылат"*

6-бет

# ОШМУ 85 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИН БЕЛГИЛЕЙТ

Ош мамлекеттик университети алгач 1939-жылы Кыргыз ССРи тарабынан мугалимдерди даярдоо институту катары негизделген жана 1951-жылы комплекстүү педагогикалык институт болуп түзүлгөн. Институт 1992-жылы Советтер Союзу тарагандан кийин толук университет статусуна ээ болгон.

Бүгүнкү күндө ОшМУ Кыргызстандын алдыңкы университеттеринин бири. ОшМУ борбор шаар Бишкектен сырткары жайгашкан жогорку билим берүүнүн маанилүү борборлорунун бири болуп саналат. Университетте 50 000дей студент окуйт, алардын 13 000ден ашыгы чет өлкөлөрдөн келген студенттер. Окутуу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жүргүзүлөт. ОшМУнун 85 жылдык маарекеси 2024-жылдын 30-31-май күндөрү салтанаттуу белгиленет. Маарекеге карата "ОшМУ сүрөтчөлөрдүн көзү менен", "Ырдайлы кыргыз ырларын" конкурстары, казак-кыргыз айтышы, журналисттердин, бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын форумдары, республикалык стартап конкурстар, эл аралык конференциялар, ойлоп табуучулардын сынактары, спорттук мелдештер өтөт. Андан сырткары ОшМУнун 85 жылдык тарыхын чагылдырган даректүү тасма тартылат.









## УНИВЕРСИТЕТТИН ТАРЫХЫ

ОшМУнун тарыхы 1939-жылы Ош шаарында педагогигалык адистерди даярдоо институтунун негизделиши менен башталган. Институт Кыргызстандын түштүгүндөгү мектептерде мугалимдердин жетишсиздигин жоюу максатында түзүлгөн. Институт Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешинин чечими менен негизделген. Институтта окуу мөөнөтү 2 жылды түзгөн. Педагогикалык училищаларды бүткөн бүтүрүүчүлөр институтта тарых-филология, физика-математика, табигый илимдер жана география факультеттеринде билим алышкан.

1951-жылдын 24-майында СССРдин Министрлер Советини №1759 токтомун кабыл алган, андан кийин 1951-жылдын 26-июнь айында Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин №511-193/1 токтомуна ылайык мугалимдер институтун Ош мамлекеттик педагогигалык институту жана республиканын түштүгүндөгү биринчи жогорку окуу жайы болуп түзүлгөн. 1955-1956-окуу жылында факультеттердин биринчи бүтүрүүчөлөрү филология, физика жана математика, химия, биология жана чет тилдер адистигин мугалими дипломдоруна ээ болушкан.

1992-жылдын 17-июнунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Ош мамлекеттик педагогикалык институту - Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) болуп өзгөртүлгөн. Анын ректору болуп Бакыт Жолчубекович Бешимов дайындалган. Жаңы факультеттер ачыла баштайт, 1992-жылы тарых-юридика, кыргыз жана өзбек филологиясы, 1993-жылы теология, 1996-жылы менеджмент жана бизнес жана 1997-жылы сырткы юридикалык факультети киргизилген.

2022-жылдын 18-июлунда Кыргыз Республикасынын президентинин жарлыгы ылайык ОшМУга өзгөчө макам берилди.

**Айзирек Гадаева**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ЖИЗНЬ, ПОСВЯЩЁННАЯ НАУКЕ



Нынешний год – год юбилейный для Ошского государственного университета. Вуз отмечает свое 85-летие. ОшГУ прошел не простой путь формирования, становления и развития, прежде чем обрел свой нынешний статус общепризнанного многопрофильного современного университета.

Одним из ярких представителей поколения ученых и педагогов, внесших свой весомый вклад в летопись вуза является доктор филологических наук, профессор Зулпукаров Капар Зулпукарович.

С именем каждого ученого связано что-то, что определяет его самого. время и научное направление, в котором он работает. С именем профессора Зулпукарова связано целое научное направление – сравнительно-историческое, типологическое и сопоставительное языкознание.

Послевоенное детство, маленькая школа в горном аиле; красный диплом Ошского государственного педагогического института; защита кандидатской и докторской диссертации, успешный руководитель и администратор, организатор научной школы и всеобщее признание - вот основные периоды интересной и содержательной жизни. За плечами богатый багаж интеллектуальной собственности с десятком монографий, сотнями научных и учебно-методических работ и выступлений на научных форумах, симпозиумах и конференциях.


Но что за человек стоит за этими достижениями, отдавший столько сил, энергии, здоровья, нервов, что бы мы имели счастье говорить на языке Пушкина, вживую общаться с ним, читать его книги и учиться по его трудам?!

Для этого необходимо вернуться к истокам и представить картину – кочевника, скачущего на коне по зеленым пастбищам, окруженным высокими белоснежными горами с бурной рекой у подножия. Возможно, именно горные просторы, чистый воздух, ледяная прозрачная вода и придали уверенности юному кыргызскому джигиту начать свой тернистый путь к вершине науки.

В начале, было слово, отцовское. «Отец мой, участник войны, немного говоривший по-русски, хотел, чтобы я стал учителем русского языка и тогда он будет гордиться мной»,- вспоминает ученый.

Родился Капар Зулпукарович в маленьком аиле Терек-Суу Советского (ныне Каракульджинского) района Ошской области в 1947 году. Учился он в малокомплектной школе, где один учитель работал в совмещённых классах. Они тогда назывались еще карликовыми из-за малой численности учеников.

Несмотря на маленький возраст Капар старался помогать родителям по хозяйству. Сколько раз ему приходилось ни свет, ни заря вставать и идти к старшим на дальнее джайлоо, чтобы доставить газеты, спички, батареи для фонарей и керосин для ламп, пасти овец и гонять табуны лошадей по горным склонам. И в часы отдыха, расположившись на высокой траве, надолго всматривался в небо, мечтая учиться в большом городе и увидеть мир. И вот наступил тот долгожданный день, когда с нехитрыми пожитками и едой, собранными заботливыми руками матери, он отправляется в город Ош. Его толкало




*(продолжение в следующем странице)*





сильное влечение к знаниям! Сегодня Капар Зулпукарович о тех днях вспоминает с улыбкой.

В 1962 году юный Капар успешно сдает вступительные экзамены и становится студентом историко-филологического факультета Ошского педагогического института. С этого момента вся его жизнь и судьба тесно связаны с русским языком и русским языкознанием.

Из рассказов Капара Зулпукаровича мы узнаем много интересного об истории факультета. Наш факультет русской филологии тогда назывался историко-филологическим и готовил специалистов по трем направлениям -«Русский язык и литература в киргизской школе», «Русский язык и литература и дополнительно английский язык» и «Русский язык и литература и история».

Капар агай на занятиях делится своими впечатлениями о студенческой жизни того времени. Чтобы поддержать своих студентов, он рассказывает о себе, о трудностях, которые он переборол в первое время обучения. «Я был самым младшим в группе, на курсе и факультете, поэтому имел кличку «малыш». А учился я прилежно, всегда садился за первой партой, был очень активным на практических и семинарских занятиях», - говорит Капар Зулпукарович. Действительно, такие удивительные способности как схватывать на лету, феноменальная память, склонность к анализированию, видимо, формировались ещё в студенческой аудитории и в последующем очень пригодились в профессиональной и научной деятельности. Он является благодарным учеником. Глубоко проникли в его душу и навсегда остались в памяти прекрасные лекторы и преподаватели факультета Равиль Хасанович Муратов, Ирина Павловна Карасаева, Юлия Ивановна Чернышова, Вера Ивановна Панова, Лев Данилович Покولодный, Елизавета Степановна Палагина, Евгения Николаевна Курбатова, Николай Максимович Теселкин, Израиль Самуилович Туркенич, Зоя Александровна Заякина.

Капар Зулпукарович может часами с чувством глубокого уважения и преклонения рассказывать о своих учителях. Особенно выделяя Р.Х. Муратова как профессионала, умеющего самые сложные теоретические вопросы грамматики объяснить просто и доходчиво, Ю.И. Чернышову, у которой модный и красивый вид всегда соответствовал логичности, четкости и убедительности её мыслей, В.И. Панову, как великолепного знатока русской литературы XIX века.

Именно эти качества перенял будущий преподаватель и ученый. Своей изысканно правильной и понятной русской речью он целиком и полностью овладевает аудиторией. Самые сложные, порой запутанные вопросы русского языкознания, старается донести до студентов максимально просто, понятно и доходчиво. Как отмечает сам юбиляр, из каждого занятия студент должен вынести что-то новое, полезное и нужное. И никак нельзя его разочаровывать в этом.

В каждом студенте профессор видит творческую личность, которой пытается открыть загадочный мир науки и на своем примере показывает, чего можно добиться. «Начиная с третьего курса, я стал интересоваться наукой. Первая моя курсовая была посвящена закону палатализации заднеязычных согласных в препозиции относительно гласных переднего ряда. Затем работа по жизни и творчеству Н.М. Карамзина. Помню, как оживленный интерес и дискуссию вызвала информация о его предках и этимологии самой фамилии писателя. За третью работу - научный доклад под названием «Строение определенно-личных предложений в языках различного строя» я был награжден портфелем и почетной грамотой института», - вспоминает Капар Зулпкарович.

С тех пор минуло 55 лет, 55 лет увлекательной педагогической и научной деятельности. На его пути встречались хорошие люди. Повезло ему и с учеными-наставниками, с которыми он сотрудничал, у которых  нашел бескорыстную поддержку. Это были выдающиеся деятели науки – доктора филологических наук, профессоры Геннадий Степанович Зенков (г. Фрунзе/Бишкек), Виталий Иванович Кодухов, Евгения Григорьевна Ковалевская, Вера Васильевна Степанова, Сакмара Георгиевна Ильенко (г. Ленинград/Санкт-Петербург), Моисей Михайлович Копыленко, Халаби Мухитович Сайкиев (г. Алма-Ата), Атакузи Азизович Азизов, Ольга Михайловна Ким (г. Ташкент), доктор педагогических наук, профессор Лев Аврумович Шейман (г. Фрунзе/Бишкек). Благодаря им, своей целеустремленности и завидному трудолюбию профессор Зулпукаров добился успехов в различных областях языкознания – в интегрально-типологической грамматике, казусологии (теория падежа), лингвочеловековедении, дидактолингвистике, синологии и когнитивном языкознании.

Капару Зулпукаровичу есть чем гордиться. Он первым из кыргызов защитил кандидатскую диссертацию по специальности 10.02.01. «Русский язык» и докторскую по специальности 10.02.20 «Сравнительно-историческое, типологическое и сопоставительное языкознание», успешно руководил кафедрами, институтом и факультетами.

Главной привязанностью Капара Зулпукаровича являются люди, студенты и аспиранты, которые находят в нем внимательного, доброжелательного учителя, наставника, слушателя и советчика. Под его непосредственным научным руководством подготовлены и успешно защищены 4 докторские диссертации, 25 кандидатских диссертаций, десятки магистерских и квалификационных работ бакалавров. Является автором 9 монографий, 8 книг, свыше200 научных статей и научно-методических пособий.. Им написаны сотни отзывов и рецензий на различные труды языковедов.

Капар Зулпукарович гордится своими учениками – докторами филологических наук, профессорами Атакуловой М.А., Дарбановым Б.Е., Элчиевым Ж., Мадмаровой Г.А.

В последние годы ученый успешно руководит научным центром лингвистических исследований ОшГУ. Под его научным руководством вышли в свет солидные монографии, представляющие собой результаты научно-исследовательской работы авторского научного центра совместно с учениками:

1. Введение в киргизско-китайское сравнительное языкознание. - Ош, 2016. – 747 б.

2. Инвариантность в прономинальной и провербиальной

*(продолжение в следующем странице)*

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg




парадигмах языка. - Бишкек, 2016. – 728 б.

3. Лингвостилистиканын жана лингвопаремиологиянын орчундуу маселелери". - Бишкек, 2018. – 998 б.

4. Лингвистический антропоцентризм: проблемы, поиски и решения. - Бишкек, 2019. – 743 б.

5. Синтез как метод описания языка (вопросы казусологии, синологии, алтаистики и ностратики). – Бишкек, 2021. – 748 б.

6. Аспекты лингвогенетики и лингвотипологии. – Бишкек, 2022. – 724 б.

Всю свою сознательную жизнь он сеет вечное и разумное. Есть всходы и ростки, а есть уже состоявшиеся последователи и продолжатели дела учителя.

Вклад ученого в разные сферы лингвистики признан широкой научной общественностью России. Зулпукаров К.З. является академиком академии естественных наук при Президенте РФ, награжден нагрудными знаками заслуженного работника науки и образования и заслуженного работника науки и техники, удостоен орденов Петра Великого «За заслуженный труд в науке», Александра Великого «За победу в науке и созидание», золотых медалей М.В. Ломоносова и В.И. Вернадского и других высоких наград авторитетных российских научных и общественных организаций. Агай считается основателем научного направления



Лингвоэтногенетического единства народов Алтая и син-тибета» и сопоставительной лингвистической научной школы в Кыргызстане. Признание научных успехов ученого считается признанием кыргызской лингвистической науки.

31 декабря 2021 года в соответствии Указа Президента КР за вклад в развитие социально-экономичемкого, интеллектуального и культурного потенциала страны и достижения в профессиональной деятельности Зулпукаров К.З. удостоин почетного звания «Заслуженный деятель науки Кыргызской Республики».

Капар Зулпукарович – редактор и издатель филологического сборника научных трудов, который сам финансирует на протяжении ряда лет, активно ездит по миру, выступает с докладами и пишет книги. Но нигде он не чувствует себя так хорошо, как в родном селе, там, откуда всё и начиналось 75 лет назад и где любит порыбачить, посидеть у костра, рассказать смешные истории или вспоминать былое.

Особо хочется отметить те качества его личности, на которые окружающие мало обращают внимания в официальной обстановке. По-человечески Капар Зулпукарович добр и великодушен, отзывчив к чужому горю. В большом коллективе случается разное: люди болеют, теряют близких, переживают несчастья. Сколько бы мы не обращались к агаю с просьбами помочь тому или иному сотруднику или студенту, магистранту, не было случая, что бы он оказался равнодушным к чужой беде. Наоборот, всегда находит возможность помочь, поддержать и материально, и морально. Мне кажется, что если во главе коллектива стоит такой аксакал с чутким сердцем и способностью к состраданию, то это формирует определённый «климат защищённости» в коллективе. Неслучайно многие идут к нему за помощью или советом...

Трудности повседневной жизни, на которые Капар агай никогда не сетует, не наложили на его характер негативного отпечатка, одно его присутствие создает ощущение душевной теплоты, уюта и надежности.

Сегодня большой ученый и большая личность Капар Зулпукарович Зулпукаров верит, что вернутся времена, когда перед учителем снимали шапки, как это делал он в пору своего ученичества в знак уважения и преклонения.

Капар агай выполнил наставления отца, он освоил русский язык, стал педагогом, наставником и одним из ярких общепризнанных ученых в области русского языкознания. Отец может гордиться своим достойным сыном.

**Бакыт Оморкулов,**
**ОшГУ.**

# ОШМУ МЫРЗАСЫ – 2024

ОшМУнун 85 жылдыгына карата 2024-жылдын 22-февраль күнү "Кыргызстан" кинотеатрында "ОшМУ мырзасы" аттуу сынак өткөрүлдү. Сынак жаштардын ынтымагын, достугун чыңдоо, мекенчилдикке тарбиялоо максатында уюштурулган. Таймаш 4 турдан туруп, 1-турда катышуучулар улуттук кийимде чыгып, кыргыз же орус тилдеринде өзүн, туулган жерин, окуу жайын даңазалоо менен саламдашышты. 2-тур "Интеллектуал мырза" аталышында болуп, катышуучулар уюштуруу тобу тарабынан даярдалган суроолорго жооп беришкен. 3-турда конкурсанттар 16кг салмактагы гиряны көтөрүү менен өз күчтөрүн сынашты. 4-турда атаандаштарга 4 мүнөт убакыт берилип, аталган убакыт аралыгында өздөрүнүн талантын көрсөтүү талабы коюлган.

Жыйынтык калыстар тобу аркылуу аныкталып, баш байгени Индустриалдык педагогикалык колледжинин студенти Нурсултан Эркинбеков ээледи. Жеңүүчүгө "ОшМУ мырзасы – 2024" наамы жана 20 000 сом акчалай сыйлык тапшырылды. 1-орунду ээлеген Тарых жана социалдык иштер факультетинин студенти Абдрахман Алимовго 16 000 сом, 2-орунду алган Медициналык колледжинин студентти Манас Анарбековго 11 000 сом, 3-орунду Искусство факультетинин студенти Сайфудин Шайырбековго 6000 сом акчалай сыйлык жана дипломдор тапшылырды. Активдүү катышып, мыктылыгын көрсөткөн катышуучуларга номинациялар тапшырылып, ОшМУнун кесиптик бирлик комитети тарабынан «Арсланбоб» эс алуучу жайына 5 күндүк акысыз жолдомо берилди. Калган катышуучуларга 2000 сомдон акчалай сыйлык жана дипломдор тапшырылды. Баш байгени ээлеген каарманыбызды кепке тарттык.

## Нурсултан Эркебеков: *"Бардык нерсе эмгекти талап кылат"*



***–Саламатсызбы, алгач өзүңүз жөнүндө маалымат берсеңиз?***

–Саламатчылык, Мен, Эркебеков Нурсултан Кубанычбекович, 2006-жылдын 20-майында Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Калмак-Кырчын айылында туулгам. №17 О.Тажибаев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 9-классты аяктап, Ош шаарынын так ортосунан орун алган Ош мамлекеттик университетинин Индустиралдык педагогикалык колледжине программист адистигине тапшыргам. Азыркы учурда 2-курсмун.

***–Сынакка кантип катышып калдыңыз, даярдык кандай болду?***

–"ОшМУ мырзасы 2024" сынагына өзүбүздүн колледждеги "ИПК мырзасы - 2024" сынагын жеңип алуу аркылуу катышып калдым. Атаандаштарымды көргөндө көп деле толкунданган жокмун, бирок ОшМУ мырзасын жеңип алсам деген максатым, ниетим бар болчу. Бардык нерсе эмгекти талап кылат эмеспи, ошондуктан мен атаандаштырымды көрүп, эмектендим, күндөп-түндөп аракеттендим.

***–Кошумча көндүмдөрүңүз, окуудан сырткары эмне менен алектенесиз?***

–Мен өзүмдүн кесибиме абдан кызыгам. Программисттик кесибимден башка ырдайм, бийлейм, кошумча курстарга барам. Андан сырткары колледждин ичиндеги спорттук, маданий, интеллектуалдык иш-чараларга активдүү катышып, колледждеги студенттик кеңеште төраганын орун басары болуп иштеп келе жатам.

***–ОшМУ мырзасы болуу сиз үчүн?***

–ОшМУ мырзасы болуу мен үчүн чоң сыймык жана чоң жоопкерчилик. Анткени мен эми мурдагыдан дагы көп максат коюп, алдыга умтула баштадым. Мен эми студенттердин алдында дагы да өзүмдүн жакшы жактырымды көрсөтүп, өзүмөн кичинелерге үлгү болгонго аракет кылам. Шаардык жана республикалык да сынактарга катышып, өзүмдү сынап көрөм деген пландарым бар.

***–Студент досторго кеңешиңиз?***

–Студент досторго кеңешим: биринчиден окуу, экинчиден жоопкерчиликтүү болууга жана ар кандай маданий-массалык иш-чараларга катышып, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн баалап, ар кандай жаман нерселерден (компьютердик оюндардан, телефондо көп отуруп, убактысын кетирип коюудан) алыс болсо деймин. Ошондой эле жашоодо жөнөкөй, адамгерчиликтүү жана жоопкерчиликтүү болууга чакырам. Кыргызстан үчүн мен эмне кыла алам, жеримдин өсүп-өнүгүүсүнө кандай салым кошом деген суроо ар бир инсандын көкүрөгүндө жашаш керек экендигин айтам.

***–Маек үчүн рахмат, ийгилик каалайбыз!***

–Рахмат, бар болуңуздар!






**С. Маматкары уулу**





# ЖАШТАР БИЗНЕС ПАРКЫ

ОшМУда Жаштар бизнес паркы активдүү иштеп келе жатат. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири – жаштарды жана келечек муундарды окутуу үчүн ыңгайлуу, заманбап шарттарды түзүү болуп саналат. Бул жерде ар кандай тармактарда стартаптарды түзүүгө жана алдыга жылдыруучу идеяларды иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Студенттер ойлоп тапкан идеялары менен ушул жерге чогулуп, тажрыйбалуу насаатчылардын жардамында бизнес долбоорлорду иштеп чыгышат. Алардын жасаган эмгеги квалификациялык жумуш катары бааланат. Ошондуктан студенттер эч тартынбай өз идеяларын ортого салып, талкуулап, бизнес долбоорлорду иштеп чыгышса, аны каржылап бергенге университеттин мүмкүнчүлүгү бар. Биздин коногубуз ОшМУнун Математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти Буайша Тилебалдиева эмгектери тууралуу төмөндөгүлөрдү айтып берди

Мен, Тилебалдыева Буайша Шералиевна, 2003-жылы Чоң-Алай районунун Жар-Башы айылында төрөлгөм. Үй-бүлөдө 4 бир тууганднын экинчисимин. Азыркы учурда ОшМУнун Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо адистигинде 3-курста окуп жатам. Жаштыгымдан жаңы идеяларды ишке ашырганды, анан таттууларды жакшы көргөндүгүм үчүн, үйдө дайым таттууларды, тамак-аштарды айрыкча, өзгөчө даамдарды бышырганды жакшы көрөт элем. Бул менин хоббим десем да болот. Анан 1-курстун аягында хоббимди бизнеске айланта баштадым, башында өзүмө, досторума таттууларды жасап берсем, кийин инстаграмм аркылуу шоколаддуу клубника, финики жасап сата баштадым. Акырындан кардарларым да көбөйө баштады. Адам өзүн ар тараптан сынап көргөнү дурус деп ойлойм. Мен да буга чейин бир канча тренингдерге, семинарларга катышып, ар кайсы чөйрөдө өзүмдү сынап келе жатам. Адамдын эң башкы максаты - жашоодо өз ордун табуу керек эмеспи, жөн жүрө албаган жаным дайым жаңы билим алуунун, жаңы өнөр үйрөнүүнүн артында жүрөм.Бир күнү университетибизде жаш ишкерлерди колдогон бизнес паркка катышып көрөйүн деп чечтим. Биринчи онлайн анкета толтуруп, арыз калтырдык. Андан тандалып жактырылган идеялардын ээлерин чакырышты. Ал жерде биз бир жума ишкерликти кантип баштоо керек, канткенде бизде өсүү болот жана башка көптөгөн маалыматтарды, инсайттарды алдык. Бул бир жумалык бизнес тренинг эң мыкты деңгээлде өттү. Акырындан питчингге даярдана баштадык. Өзүбүздүн идеябызды анализдеп чыгып презентация түзүп, тактадык. Питчинг күнү жалпысынан биздин этапта 40тан ашык студенттин бизнес идеялары бар болчу. Жыйынтык боюнча бизнес идеясы жактырылган студенттерге 2000$ дан грант бөлүнүп, ага керектүү жабдуулар алынып берилмей болду. Мага кондитердик буюмдар керек болчу (духовка, миксер, тестомес, холодильник). Жыйынтык боюнча 9-этаптын жеңүүчүсү боло алдым. Бул грант мага чоң стимул болду. Мурункудан дагы көбүрөөк өнүккөнгө аракет кыла баштадым. Бир аз убакыттан кийин (жалпы сумма 184000 өлчөмүндөгү) жабдуулар берилди. Менде дагы да мотивация болуп аракетимди токтотпой келе жатам. Эң башкысы, баары ниеттен деп ойлойм. Башында катышканымда мен утам, ала алам деп ниет кылдым. Ниетиме жеттим шүгүр! Азыркы учурда иштеп жатам, өзүмө жараша кардарларым бар. Университетке барып келип бош убакытымда сүйүктүү жумушум менен алектенем. Буюрса жакын арада жеке өзүмдүн кондитердик үйүмдү ачам деп ниет кылып жүрөм. Аллахым насип кылса мындан да чоң деңгээлге өсөм деген ойдомун. Учурдан пайдаланып ОшМУга, бул стартаптын уюштуруучу, демөөрчүлөрүнө, жаш стартапты өзгөчө көңүл буруп колдоп жаткан ректорубуз Кудайберди Кожобеков агайыбызга ыракмат айтам. Мындан ары да көп стартаптарды колдоп, студенттер өз ишкерлигин баштап кетүүсүнө тилектешмин! Менин айтайын дегеним, жалпы жаштар, студенттер, идеяңарды коркпой ишке ашырганга аракет кылгыла! Аракет кылсак жыйынтык сөзсүз түрдө болот. Каалоолор максатты аныктайт. Максат ийгилик жана бактылуулук менен коштолот. Мен дагы жөнөкөй эле, бирок көп идея, максаттарды алдына койгон студентмин. Мен кылганды силер да кыла аласыңар! Андыктан баарыңарга ийгилик!







**Майрам Шарип кызы**

# ЭСТЕ КАЛГАН ПРАКТИКА

*Ар бир доор, ар бир курак өзүнчө бир кызыктуу, жаман-жакшы окуялар менен эсте калат эмеспи. Ушундай керемет доордун бири бул студенттик күндөр десек жаңылыштык болбос. Анын ичинде практикадагы учурлар да өзүнө бир канча кызыктуу окуяларды камтыйт. А практика деген эмне? Практика студенттердин илимий-теориялык даярдыгын тереңдетип, практикалык ишке көндүмдөрүн бекемдейт. Анда эмесе студенттердин практикадагы эсте калган окуяларына назар оодаралы.*




## Мээрим Маралова: *"Менин жазышып жатканымды баары электрондук тактайдан (доскадан) окуп отурушкан экен"*

Мен учурда Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинде 2- курста окуп жатам.

Студенттик күндөр кызыктуу окуялар менен эсте калат эмеспи. Ошондой кызыктуу окуялардан бирөөсүн айтып өтөйүн.

Инфакта 2-курста окуган жакын досум бар болчу. Экөөбүз бир жеке ишканага практикага чыгып калдык. Ал түрк тилине аябай кызыккандыктан экөөбүз жолукканда көбүнчө түрк тилинде сүйлөшчүбүз. Ал экөөбүз биринчи таанышканда менин телефонума өзүн "АШКЫМ" деп, сактап койгон экен. Мен аны байкаган болчумун, бирок көп маани бербеген экенмин. Ошондуктан өзгөрткөн да жокмун.

Бир күнү семинардык саат болуп, электрондук тактай менен сабак өтүш керек болуп калды. Мен GR код аркылуу ватсап вебке улап презентация койгон болчумун. Бир аз убакыт өткөндөн кийин мага тигил досумдан ( ашкымдан) кат келди.

–Кандайсың ?

–Жакшы, рахмат! Өзүң кандай?

–Мен да жакшы. Сени сагындым, жолукпаганыбызга да көп болду. Азыр бошсуңбу?

–Практикадамын

– Жооп сурап чыкпайсыңбы, мен келдим.

–Макул, аракет кылып көрөм.

Ошол учурда ызы-чуу болуп турган кабинет тынч болуп калган эле. Көрсө, менин жазышып жатканымды баары электрондук тактайдан окуп отурушкан экен.

Мен аны көрүп, чочуп кеткенимде баары каткырып күлүп жиберишти. Андай ызы-чууда айрымдарына араң түшүндүрүп жетиштим. Бирок, калгандар кандай ойдо калышты билбейм. Азырга чейин эстеп, күлүп калышат. Ар бирине түшүндүрүп, ишендирип, кыйналгандан эмне пайда?

Балким студенттик күндөр ушунусу менен кызык...

## Майрам Шарип кызы: *"Университеттин кароолчусу киргизбей койгон"*



Мен Математика жана информациялык технологиялар факультетинин 3-курсунун студентимин.

Эң алгач практикага 2-курста чыккам. Жаз эле. Окуу-таанышуу практикасы болуп МИТ факультеттинин компьютердик борборуна чыккам. Практика күнүгө эртең менен саат 08:00дөн 14:00гө чейин болчу. Бир жолу практикадан соң студенттик акыйкатчы аппаратынын чогулушу болуп, үйгө саат 5-6лар чамасында барып уктап калгам. Ойгонуп саатты карасам 8ден өтүп калган экен (анда саатым 12 саатык режимде болчу. Мен болсо таң атып калган экен деп университетке жетип баргам. Практикадан кечигип калдым деп шашкалактап жатып, сыртка таң атпай эле кеч кирип бара жатканын да сезген эмес экем. Шашкалактап барсам университеттин кароолчусу кайда барасың кеч киргенде деп киргизбей койгон. Ошондо билгем саат эрте менен 8 эмес кечки саат 8 болуп калганын. Азыр ошол кароолчуну көргөндө уялып, көрбөгөндөй түр көрсөтүп өтүп кетем.

Учурда өндүрүштүк практиканы ОшМУнун маалымат борборунда өтөп жатам. Практика пайдалуу да, кызыктуу да болуп жаткан чагы.

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

## Бекмолдо Баймаматов: *"Операцияны улантканыбыз эч эсимден кетпейт"*



Мен медицина факультетинде 3-курста окуп жатам. Практика дегенде эле бир окуя эсиме келет. 1-курста Чоң-Алай райондук ооруканасына практикага чыктым, биринчи жолу практикага чыгып жатканым үчүн мага баары кызыктуу болду. Анан бир күнү жашы 13-14 жаштар чамасындагы бала аппендицит болуп келип түштү. Бизди врач операцияга киресиңер деп кошо алып кирди. Жанымдагы шеригим экөөбүз(ал дагы практикант) кубанып, толкунданып турабыз. Анан наркоз берилди, операция ортолоп калган учурда жанагы баланын иммунитети күчтүүлүк кылдыбы, айтор, жарымында көзүн ачып, кыймылдап баштады. Биз аны экөөлөп эки жагынан бекем кармап, дагы бири башын кармап кыймылдатпай, кайра наркоз берип, операцияны улантканыбыз эч эсимден кетпейт.

## Гүлшан Абдимомунова: *"Арзыбаган бир ооз сөз үчүн ыйлап, капа болобуз"*



Мен кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 4-курсунун студентимин.

–Гүлшан эжей ким?

–Мугалим

–Мугалим деген ким?

–Эжей

–Мугалим эмне кылат?

–Балдарды окутат, билим берет, келечекке карай жол көрсөтөт.

Дал ушундай диалог менен менин мугалимдик кесипке багыт алган практикам да башталды. Практика учурунда мугалимдин кадырын, анын түйшүгүн өзүм мугалим катары сезип, билип жаттым. Практика башталары менен эле мени кызыктуу окуялар курчап алды. Ар бир күнүм өзгөчө өтөт болчу. “Практикада эсте калган күнүң кайсы”,- деп сурашканда дароо эсиме ушул окуя түшүп, жүрөгүм башкача боло түшөт. Ошол окуяны силерге баяндап берейин.

Мага бөлүнгөн класста бир бала окуйт болчу. Биринчи барган күнүм ошол окуучум:“Саламатсызбы эжеке? Сиз бизге класс жетекчи болдуңузбу?”,- деп кубанып, жакшы көрүп, жайдары маанай менен тосуп алган болчу. Мен да аны жакшы көрдүм. Ошентип бир күнү класска тарбиялык саат өттүм. Бизге материал керек болгону үчүн сабагымды видеого тарттым. Ошол видеону сактап коюу максатында социалдык тармакка(тик токко) киргизип койгон элем. Аны ошол мен жакшы көргөн окуучум көрүп (тик токтон) видеонун астына пикир калтырыптыр. Калтырган пикирин окуп, көзүмө жаш келди, ыйладым, капа болдум. Азыр деле ошол нерсени эстесем ыйлагым келет. Окуучумдун бир ооз сөзү мага: “Койчу, Гүлшан сенен мугалим чыкпайт окшойт. Бекер эле мугалимдик кесипти тандапсың!” деген ойду жаратты. Биз ушундай жан дүйнөсү назик кесип ээлери болот экенбиз, арзыбаган бир ооз сөз үчүн ыйлап, капа болобуз. Ушундай достор, менин практикадагы эсте калган окуям.

## Искак Тагаев: *"Баары тапкычтыгыма ыраазы болушкан"*



Мен учурда математика жана информациялык технологиялар факультетинде 3-курста окуп жатам.

Колледжде практика өтөп жүргөн элем. Сырттан окуу бөлүмүндө окуган студенттерге гос экзамен "АВН" программасы аркылуу жүрүп жаткан экен. Бизар бир группа тапшырып чыккан соң, кийинки группага компьютерлерди АВНге даярдап турчубуз. Экзаменге комиссия болуп башка окуу жайлардан илимдик даражасы жогору мугалимдер келишти. Ошол учурда техникалык каражаттарга жооптуу адистерге Wi-Fi иштейби деп сураганда "ооба" деп жооп беришип, мени барып карап бер деп жиберишти. Барсам, Wi-Fi чын эле иштебей жатыптыр. Кырдаалдан чыгуу жолу болбой калды. Шашылышта телефонумдан кирип точка доступа модеманы басып , Wi-Fiдын атын окуу жайга өзгөртүп, киргизип берип койдум. Кийин мени карап Wi-Fi өтө тез ылдамдыкта экен деп сүйүнүштү. Кийин жетекчилерим тапкычтыгыма күлүп, ыраазы болушкан.

**Бүайша Тилебалдыева**

# ПРОБА ПЕРА



Асранкулова Айканыш

Учусь в Высшей школе международных образовательных программ. Мне 19 лет, родом из Кадамжая. Со школьных времен очень люблю стихи, поэзию и литературу в целом. Участвовала в конкурсах по художественному чтению и выигрывала призы. В последний год начала писать стихи. Вот некоторые из них, а историю которую я пишу можете найти как #winterbear в TikTok.

Люблю активный и правильный образ жизни. Участвую в разных семинарах и мероприятиях, постоянно изучая что-то новое. В свободное время люблю быть дома. Читаю, занимаюсь спортом, рисую, много времени провожу на кухне, пробую и придумываю новые рецепты.

***Мои достижения:***

- ***Являюсь председателем молодежного комитета ВШМОП.***
- ***Председатель Студенческого интеллектуального общества «МТСС», который сотрудничает с Воронежским государственным университетом.***
- ***На первом курсе получила благодарственное письмо как «Лучший студент».***
- ***Окончила обучение «WIKI OSH2024”.***

***Читала статью и получила сертификат за участие в X Ежегодной международной научной конференции молодых ученых «Актуальные проблемы мировой политики».***

- ***Занимала призовые места за участие в интеллектуальных играх.***

***Ты прекрасна***

*Ты прекрасна такая,*
*какой я вижу тебя,*
*и такая,*
*какой ты видишь себя сама...*
*Ты прекрасна-*
*всем что внутри тебя,*
*твоим миром и взглядом.*
*Всем что от тебя веет,*
*И что даришь другим.*
*Ты прекрасна*
*оставайся такой всегда !*

***Ты нужна***

*Ты нужна.*
*Ты никогда не будешь лишней.*
*Ты мне нужна*
*и вся твоя жизнь-*
*С проблемами,*
*Со всеми твоими травмами,*
*Плюсами и минусами.*

*Я спрячу тебя в своих объятиях,*
*а ты, всё оставить постарайся!*
*Мысли эти бесконечные -*
*что не дают тебе жить.*
*Будь здесь,*
*со мной.*
*Попытайся, хотя бы...*
*Не сдавайся так*
*ты мне нужна !*

***Ты просто расскажи***

*Ты просто расскажи,*
*что тебя волнует в жизни?*
*Расскажи,*
*я выслушаю,*
*что тебя тревожит?*
*Я всё приму,*
*все твои страхи,*
*сомнения...*
*Проблемы все -*
*расскажи!*
*Я рядом стою*
*и буду стоять.*
*А ты всё сможешь,*
*и решишь это всё.*
*Я разделю с тобой*
*всю твою боль и страх,*
*ты просто расскажи...*
*И поговорим мы с тобой по душам...*


***Хранить тебя***

*С приходом весны всё началось,*
*Сердце моё будто странно билось.*
*Хотели видеть глаза мои-*
*Только милые взгляды твои.*

*Ты помнишь, как мы танцевали?*
*За руки держались и в глаза друг другу смотрели.*
*Никого вокруг не замечали.*
*Играла песня для нас и про нас.*

*Слушала я песню, но не понимала,*
*Что собраны фразы - из души моей.*
*Утопала в глазах твоих безмолвно,*
*Но чувства свои - неуловимо скрывала.*

*Да, сейчас скажу что всё прошло.*
*Ведь прошло уже времени немало.*
*Скажу, что всё хорошо и забыла тебя,*
*Но в душе моей тихо,буду хранить я тебя*
*С каждой улыбкой я стоял задыхаясь.*
*Не поверил , но ты была*
*Так счастлива , что даже не заметила меня!*
*Может мне стоило признаться ещё тогда ,*
*Когда нам было по двадцать два...*



**С. Маматкары уулу**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР 85 жыл
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

*Искусство, көркөм чыгармачылык – дүйнө таанымдын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдыруунун бир формасы. Сүрөт искусствосу да коомдук-тарбиялык мааниге ээ болуп, адамдын акыл-эсине, ой-сезимине, кыялына таасир этип, коомдук турмушта жана социалдык күрөштө айрыкча чоң роль ойнойт. Инсан коому менен кошо өнүгүп, анын материалдык өсүшүн чагылдырат, коомдук аң-сезимди калыпка салууга көмөктөшөт. Сиздер менен бөлүшүүчү сүрөт да, өзүнө бир канча мазмунду, бир канча тарыхты камтыйт. Картина аркылуу бекитилген окуя, жан дүйнө, сезим - ар бир эле адамдын кызыгуусун жаратат. Биздин "Бир сүрөттүн тарыхы" рубрикабызда дүйнөлүк сүрөтчүлөрдүн шедеврлери жана алардын тарыхы жөнүндө сөз болмокчу. Анда эмесе, кезектеги чыгарылышыбыз баарыңыздарга кызыктуу жана пайдалуу болот деген ишеничтебиз.*

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ

*«Айылдагы жаз»*
*Түзүү күнү: 1985-ж.*
*Жанр: Айылдык пейзаж*
*Өлчөмү: 45,5х76*
*Материал: Картон, май боёк*

*«Айылдагы жаз» - кыргыз сүрөтчүсү Сүймөнкул Чокморовдун чыгармасы. Сүрөттөн өрүктүн көлөкөсүндө чөптүн үстүндө олтурган алты бала жана кызыл жоолукчан кызды көрүүгө болот. Алар өтүп бараткан кызыл көйнөкчөн кызды карашып, тосмонун артынан өтүп бараткан аялга маани бербей олтурушат. Сол жакта боз эшек турат, ал эч нерсени карабайт, себеби ал чарчаган. Оң жактагы тосмонун ачылышында ымыркайды карап жаткан кыздын келбети карарып, көчөдө эмне болуп жатканын билүүгө кызыгып турат. Сүрөттө апасы оор басып, кызы менен кичүүсүн текшергени барат, аларда баары жайындабы деп билгиси келет. Арткы фондо бир кабаттуу кирпич түстүү үй тартылган. Тосмо композицияны эки бөлүккө бөлөт. Төмөнкүсүндө адамдарга жана алардын дүйнөлүк түйшүктөрүнө, тиричилигине берилет. Сүрөттүн жогорку үчтөн эки бөлүгүн штрихтер, тактар жана сирень көлөкөлөрү ээлейт. Жазгы гүлдөө. Сүрөттүн жогорку бөлүгүндө бутактар көк асманды аралайт.*

*Үй түбү жана фантастикалык үстү мындай мотивди кыргыз сүрөтчүлөрү көп колдонушат. Бирок бул жерде татаалыраак горизонталдуу байланыштар бар. Бардык фигуралар бул жерде кандайдыр бир себеп менен коюлганын түшүнөбүз.*




**Малика Токтосунова**

# ОШМУДАН ТАБЫЛГАН БАКЫТ

***ОшМУну билимдин аны менен кошо бакыттын ордосу деп атасак аша чапкандык болбос. Себеби студенттерибиз билим алуу менен биргеликте үй-бүлөлүк бакытын да табышууда. Жашоодо бул нерсе аябай маанилүү экендиги баарыбызга белгилүү болсо керек. Акылмандар “Жашооңдо жар тандоо менен кесип тандоодон адашпа" дейт эмеспи, анын сыңарындай ОшМУда да өз бакытын, өз жарын тапкандар аз эмес. Үй-бүлөлүк турмуш менен кошо окуусун дагы ийгиликтүү алып барган студентибиз Гүлмайрам жолдошу менен таанышуусу, жашоосу жөнүндө айтып берди.***






***– Салматсызбы? Жолдошуңуз менен кантип таанышып калдыңыз эле?***

–Саламатчылык. Мен Искусство факультетине жаңы окууга тапшырып 1-курста окуп жатканымда, жолдошум 4-курс болчу. Дароо эле сүйлөшүп кеткен жокпуз, бири-бирибизди сырттан эле таанып жүрдүк. Алар чоң курс болгондуктанбы факультетке кээде келип калышат эле. Көрсө, аларды 4-курсунда эки жолу бир ай, бир жарым айга практикага жөнөтчү экен. Ошондуктан факультеттен аз көрүнчү турбайбы,азыр сурасам.

***–Ким биринчи болуп кадам таштаган?***

–Ошентип 1-курсту аяктап баратабыз, 2020-жылдын март айы, кадимки эле күндөрдүн биринде факультеттин 311-аудиториясында дос кыздарым менен отурсак, жолдошум дос балдары менен кирип калды, кирип эле: “Ааа, биринчи курстун сулууларыбы?”- деп жолдошум айтып жатпайбы. Кирип фортепиано ойноп, ырдап калышты, анан ошол жерде таанышып калдык десем болот.

Бирок мен жолдошумду мурда эле сурап билип койгом. Ал группанын старостасы экенин, группалаштарынын эң алдыңкысы жана баардык инструментти жакшы ойногонун уккам.

Ошентип күндөр өтүп кайра факультеттен жолугуп калдык. Орозо айы болчу, жолдошум тамашалап : “Бүгүн ооз ачырып берейин” деди, мен ойлогонумду дароо сүйлөгөн, ачык, кыз элем, "аха, макул" дедим.

Ооз ачуу маалына аз калганда жолугуп, жөнөп калдык. Ошол күнү жакындан таанышып, биринчи кадамды жолдошум таштады десем болот.

***–Сүйлөшүп жүргөнүңүздөгү кызыктуу окуялар тууралуу айтып берсеңиз?***

–Сүйлөшүп жүргөндө кызыктуу окуялар көп эле болгон, азыр ошол кездерди ойлоп күлүп калабыз. Ал учурда мен ХБКда жашайт элем, а жолдошум Западныйда жашайт болчу. Кечинде сабактан кийин мени үйүмө жөө жеткирип, өзү кайра акчасы жок Западныйга жөө кетчү. Ал жеткенче телефондо сүйлөшүп турчубуз. Мен үчүн аябай жагымдуу учур ошол эле. Азыр болсо машинабыз бар, жөө баспай калдык. Суукта машинада баратып кыз жигиттерди көчөдөн көрүп калсак: "Азыр жаш да алар" деп күлүп коёбуз. Кудайга шүгүр!

***–Той учурундагы бактылуу көз ирмемдериңиз?***

–Тоюбуз аябай соонун өттү деп айта алам, анткени баары оюбуздагыдай болуп шаардын эң чоң ресторанынын биринде эл катары той берип алдык. Албетте ата-энелерибизге ыраазычылык билдиребиз.

Жолдошум экөөбүз тойго чейин аябай даярдандык, жаштар арасында актуалдуу болуп жаткан “Love story” да тарттырдык, аны жакын жерден эмес Ош шаарынан үч саат алыстыкта жайгашкан, бир саат жөө басып бара турган “Изумрудное озеро” деген Алайдын тоосуна барып тарттык.

Эң башкысы менин кайын журтум аябай соонун адамдар экен, мени өз кыздарынан дагы жакын көрүп кабыл алды.

Мен көп кыялданган элем ушундай үй-бүлөгө келин болушту. Шүгүр!

***–Үй-бүлөлүк жашоо эмнелери менен өзгөчөлөндү?***

–Үй-бүлөлүк жашоо өзгөчөлүктөрү көп эле болду. Анткени мурда каалаган учурда уктап, каалаган учурда турган болсом, азыр эрте менен туруп жолдошума чайын даярдап, жумушуна жөнөтүп, жумуштан келишине тамак даярдап күтүп алам. Мурда бир жерге барарда эч кимден сурабай эле кетсем, азыр бардык кадамым жолдошумдун уруксаты менен болуп калган. Жолдошум да менин көңүлүмө аябай карайт. Мен эмне кааласам баарын аткарууга аракет кылат. Ушуга чейин бизде урушуу деген нерсе боло элек, жана болбой эле койсун деп тилейм!

***–Учурда эмне менен алектенип жатасыздар?***

–Учурда мен 4-курсту аяктап жатам, ГОС экзамендерге кызуу даярдык болуп жатат.

Жолдошум да музыка сабагынан мугалим болуп иштейт. Буюрса жакшы пландарыбыз бар, аны азыр айтканга эрте болсо керек. Ишке ашырып, кийинки маектешүүдө жолдошум экөөбүз отуруп айтып беребиз буюрса.

***–Маек үчүн рахмат! Ишиңиздерге ийгилик.***

–Рахмат! Сиздерге да йигилик каалайбыз!

Жубайлар тууралуу кыскача маалымат: Жолдошу: Кайратбек Садыкбай уулу Баткен облусуна караштуу Баткен районунун Кайынды айылынан 1997-жылы туулган.

Жубайы: Колдошова Гүлмайрам, Баткен облусунун Кадамжай районундагы Сырт айылында 2003-жылы туулган. Учурда Ош шаарында жашап жатышат.

**Аксаамай Жумабаева**

# ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР ЫРЛАРДА

## АТ ЖАЛЫНА КАЗАН АСУУ



Атайын орундукка шайланып отурбастан, алган азыгын, камдаган тамагын ат үстүндө бара жаткан учурда эле өзөк жалгап алуу.

**Туусун кармап капталына,**
**Түшүп жолдун каттамына.**
**Кербенчилер бара жатты,**
**Казан асып ат жалына.**

## МУРДУН БАЛТА КЕСПӨӨ

Кенебөө, тоготпоо, камырап да койбоо, капарына албоо, көңүл бурбоо, ууртуна уяттын учкуну да сезилбөө.

**Уялуунун маанисин,**
**Түшүнүп, ордун сезбеген.**
**Адамдар жашайт арада,**
**Мурдун балта кеспеген.**



## ЧЫЧКАНГА КЕБЕК АЛДЫРБАГАН



Абдан зыкым, аябагандай сараң, өтө сак, мамиле куруудa да майдачыл, ар бир нерсени иликтей берүү.

**Өтөбүз жашап мейли биз,**
**Өмүрдөн сааты белгисиз.**
**Чычканга кебек алдырбас,**
**Чынында сараң пейлибиз.**

## КОЙ ҮСТҮНӨ ТОРГОЙ ЖУМУРТКАЛАГАН

Жыргалчылык мезгил, телегейи тегиз болгон заман, бейпил турмушта күн кечирүү.

**Айлана кооз, жай турмуш,**
**Ачылууда чоң жолдор.**
**Уя курду, заман тынч,**
**Кой үстүнө торгойлор.**



## ООЗУ МЕНЕН ОРОК ОРУУ



Колунан эч нерсе келбегенине карабастан “кыйратам” деп курулай опурулуп, укмуштуудай убадаларды айта берүү.

**Кезиккен жандар жүздөшкөн,**
**Кең болот дайым чоң жолдор.**
**Ойлогон ишин кыла албайт,**
**Ооз менен орок оргондор.**

Бектурали Исамидин уулунун "Чымындан пил жасайм" китебинен алынды

# ЭТИМОЛОГИЯ

***Этимология – (грек сөзү “etmymon” – “чындык” жана “logos” – “илим”, “окуу”) сөздөрдүн чыгыш тегин, анын кайсы тилдерден кабыл алынгандыгын тарыхый жактан изилдейт. Күнүмдүк жашообузда колдонуп жүргөн сөздөрүбүздүн түпкү тегине маани бере бербейт экенбиз. Биз пайдаланып эле жүргөн айрым сөздөрдүн тарыхына көз жүгүрттүк, балким сизге да кызыктыр.***

## АЙРАН

Азыркы кыргыз тилинде бышырылып уюутулган сүт тамак айран делет. Каймагы алынбаган сүттөн уюутулган жуурат айран дейт. Байыркы айран сөзү бышма же койлосун деген мааниде болгон. Айран айыр+ан деген бөлүктөрдөн турат, сөз жасоочу -ан мүчөсү жалганып, айран сөзү келип чыккан.

## АЙЛАНАЙЫН

Айланайын азыр эркелетүү маанисинде колдонулат. Бул сөз кыргыздын байыркы көчүрмө ишеними менен байланыштуу. Ошентип, айланайын, тегеренейин деген синоним сөздөр бүт жамандыгыңды мен алайын, деген маанини туюндурат. Өпкөмдү чабайын деген сөз малдын өпкөсүн чабуу дегенди түшүндүрөт. Карая түшкөн өпкө менен бүт жамандык кетти дегенди билдирет. Кагылайын да ушул топтогу сөздөргө кирет.Ушул мотив арап тилинен кирген сөздөрдөн жасалган "балекетиңди (фелакет "кырсык") алайын", "садагаң (седеке, кайыр) болоюн/кетейин", "секетиң (зекат, кайыр, садага) кетейин/болоюн" деген сөз айкаштарына да өткөн.

## АКЧА

Бул сөз ак деген сын атоочтон жана өң-түстүн жетишсиздигин билдирген -ча деген мүчөдөн турат: ак+ча "Агыш" деген маанини туюундурган. Бул сөз адегенде, күмүш тыйындарга колдонулган. Кытай тилинде ак+ча деп колдонулган. Бул сөзгө ак деген төл сөздү кошуу менен ак+ча болгон, бирок бул дагы бир аз чындыкка жатбашы мүмкүн деген жыйынтыкка келишкен.




## ЖООЛУК

Жоолук сөзү азыр, негизинен, аялдар башына салына турган төрт чарчы кездемени же токулган буюмду билдирет. Бирок сөздүн өзүнүн келип чыгышы "майлык" маанисине туура келет. "Алгачкы майлык" мааниси өсүп отуруп азыркы мааниге ээ болгон. Азыркы түрк тилдеринде бул сөз мындай маанилерде которулат: уйг. йаглик "салфетка" деп өзбек тилинде "еглик" деп которулуп келген бул мисалдар алгачкы майлык маанисинен башка салына турган кийим маанисине өтүшүн даана көрсөтөт.



## АРЧА

Бул сөз орус тилине да өткөн. Мындан сырткары артыш/ ардыш деген варианттары да бар, (фасмер). Кызыгы, орус тилиндеги "аршан" деген түрк тилинен өткөн сөз биздеги "арашан (булак)" дегенден тышкары "арча" маанисин да туюундурат. Көпчүлүк окмуштуулар (Рамстед, Брокельман, Рясэнен) бул сөздү түрк жана монгол тилдеринде (арууу) таза деген сөздөр менен тектеш деп айтышкан жана муну арчанын байыртан тазалоочу ырым-жырым катары колдонушкан.



**К. Жаркынбай кызы**

# ЖАМГЫР



Бүгүн таңга маал башталган жамгыр майдаланып ак жаанга айланды. Айлана бозоруп боппоз туман. Тээ асманда кара булуттан бөлөк түк эч нерсе көрүнбөйт. Тек андан ылдый кулап түшкөн тамчылар жерге бир тийип, чачырап кыянга аралашып, андан ары жолун улап агып барат.

Жаанга карабай заводдо иш башталды. Баарыбыз ичибизден ушул жаан токтобой, дагы да катуулап жааса экен деген үмүт менен чала жан жыландай ыргылжың басып, араң жүрөбүз. Чоңдорго бүркүткө чырга сүйрөткөндөй кылып эптеп иштеп жаткандай түр көрсөтүп, ары-бери кыймылдамай. Материалдардын баары суу болуп эч кимдин иштегиси жок. Айрым гана бригадалар мойнунан байланган иттей иштемиш болуп көрүнбөсө, айтор, калганыбыз ар жерде топтошуп турабыз.

Ооба, бул да бөтөн жердеги көр тиргиликтин жанга батканынан. Тагдырбы же тандообу билбейм, бүгүнкү заман көчмөн элдин урпагы үчүн кор заман болгон окшобойбу!

Небере жетелеп уул-кыздын сыйын көргөндүн ордуна жети атасы таанybaган көк көз орустун сөгүүсүн угуп калбайын деп, ак аралаган сакалын жамгыр жууп, жаш баладай суу болуп сумсайган абалар турат. Эне сүтү эрдинен кетпеген, ак-кара, ысык-суук эмне экенин билгенге али эртелик кылган балапан ооз балдар жүрөт. Алар көргөн айтып бергис азап күндөр канча! Алардагы жазып бүткүс сагынычтар канча! "Жан багуу"-дейт муну!

"Тиргилик"- дейт муну! Андай болсо, башкабыз мейли, жок дегенде ушуларды да аябаган ары жок тиргиликтин!... Бети жок тиргиликтин!... Боору таш тиргиликтин!... Бөрк ал десе баш кескен тиргилик бул!...

Бул жерде газды кайра куруучу килтейген чоң завод курулуп жатат. 5-6миңдей жумушчу иштейт. Эртеден бери жааган жамгырдан лесомонтажниктерден башкалары жумушка чыкпады. Ошол себептен завод ичи тыптынч.

"Жигиттер, кеттиктерби? Ким кетет? Алмазга чалып айтып коёюн"- деди орто бойлуу, торпок көздүү, маңдайындагы бир кашка тишинин жоктугу өзүнө жарашкан, ала көөдөн жерге-талдык бригадирибиз Рабон. Жерге-Талдыктар өздөрүнүн жергиликтүү тили менен сүйлөгөндүктөн башта мен да түшүнбөй жүрүп кийин көнүшүп, аралашып кеттим. Кээде кайра аларга суктанам. Анткени, бөтөн өлкөнүн мыйзамы-тартиби менен жашашса да биздеги көбөйүп бара жаткан "киргизбайлардан" алда канча мекенчилдиги мени ыраазы кылат.

-Кетебиз да баарыбыз эле, атабыздан калган жумуш беле! Башкалар не дейт?"- деп кыска бойлуу, арык, тамашөкөй көлдүк Сагын кайра андан сурай. Сакадай боюу сары алтын, боюнан да ою жетилген ары ырчыбыз, ары күлдүргүчүбүз.

-Башкаларды не кыласың, ээ? Кет да ден соолук керекпи же эмне темирденби ден соолугуң? Өзүңдүн үйүңдө минтип иштебей кал, калса орустун иши калат да!- деди адатынча өзүнө гана таандык өзгөчө күлкүсү менен кыска күлүп Сагынды жондон таптап бригадир.

-Тим эле мага күйгөнсүп айтты го мобул! Өткөндө бизди кетирип өзүң калып. Ошол орустун ишин өзүң бүтүрүп ийчүүдөй. Мени айтып коёт дагы, сеники чындап темирден окшойт"- деп жооп кайтарды Сагын.

-Койче! Чын эле ошондой деп ойлойсуңбу?-деп Рабон аке баарыбыздын ичибизди эзди.

Аңгыча атына заты жарашкан качан болбосун жылмайып гана жүргөн Ширинбек келип: "Тиги, Давлош байкенин балдары кетип атышат, Давлет акенин балдары кетишиптир. Чалсаң братан Алмазга, автобустан калбай кетели да биз дагы"- деп келип кошулду. Баарыбыз бол эми чалбайсыңбы дегенсип Рабон акени карап калдык. Телефонун алып чыкты да бирөөгө чалып: " Здорова, не болду Алмаз? Балдар суу болуп калды кетет окшойбуз!- деп телефонун тыңшап туруп " Балоккобу же түз эле кете берeликпи...Макул. Телефонун өчүрүп бизге карады да " Кеттиктер ээ жигиттер, балокко өтө берелик!" Жамгырга каршы кийген плащтардан да суу өткөндүктөн, муздак жел чыйрыктырат денени. Жылуу денеге моюн ылдый жоргологон тамчыдан итиркейибиз келип, бүкүрөйүп алганбыз. Акыры мастердин уруксаты менен балокту көздөй алты бригада жөнөдүк. Бир бригада төрт адамдан турат. Биздин мастер Алмаз бригадирибиз Рабондун досу, ал да Жерге-Талдан болот.

Балоктун ичи толо адамдар. Сырттан бирөө кире калса баары жапырт эшикти карашат. Алар да биздей эле кетсек деген жандар, " качан бирөө келип кетүүгө уруксат берет экен?"- дегендер. Ооба, баарыбыздын күткөн адамыбыз бир эмеспи. Биздин артыбыздан ээрчий эле прораб Макаров келди дагы: " Каалоочулар кете бергиле, Face IDден сөзсүз өткүлө! Автобус күтүп атат."- деп кайра чыгып кете берди. Мына биздин күткөнүбүз ушул эле. Уу-дуу болуп бири-бирибизди түртүп сыртты көздөй чыгууга шашылып жөнөдүк.Айрымдары ышкырып алган тим эле.

Агылган жумушчулар. Ал ансайын катуулаган жамгыр. Баарыбыз Face IDден өттүк дагы бизди күтүп турган автобустарга түшүп титулдарды көздөй (жумушчулардын жатаканалары) жөнөдүк.

Эркибиз менен эч эле жумуштан калгыбыз келбейт. Кантсе да акчанын аты ысык белем күндө жан аябай иштемей. Ушундай жамгырлуу күндөрү гана сыртыбыздан сыр көрсөткөнүбүз менен ичибизден эс алсак экен, комнатага барсак экен деген үмүт менен иштейбиз. Кудайдан жамгыр тилейбиз. Мына, Кудай берип нөшөрлүү жаан төгүүдө.

Автобуста баарыбыз ойлуу. Бирөөлөр балдарын сагынып, бирөөлөр жаңы эле үйлөнгөн келинчегин сагынып, бирөөлөр неберелерин сагынып, бирөөлөр ата-энесин сагынып терезеден сыртты карап телмирип баратышат.

Эх, жамгыр нөшөрлөчү! Токтобой жаай берчи, жамгырым! Көр тиргиликтен чарчаган, үй-бүлөбүздү, дос-туугандарыбызды, туулган жер, айылдарыбызды сагынган биздин тагдырыбызга жаап өтчү. А балким, жумуштан жатаканага кайткандай Жараткан биздин тагдырыбызга ушул автобустан түшүрбөй үйлөрүбүзгө барууну жазар!

Автобус титулга келип токтоду. Сыртка чыксак, жамгыр жайлап бозоргон туман тарап, асмандан күндүн көзү көрүнүп калыптыр. Машинадан түшүп болуп комнаталарды көздөй тарап кеттик.



**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин студенти Жунус Асеков**

# БИЛЛ ГЕЙТСТЕН ИЙГИЛИККЕ ЖЕТҮҮНҮН СЫРЛАРЫ




Эгер сиз кедей болуп төрөлсөңүз, бул сиздин күнөөңүз эмес. А бирок кедей болуп өлсөңүз, бул сиздин күнөөңүз.

**Билл Гейтс**

Билл Гейтс деген ысымды жок дегенде бир жолу уккан же окуган болушуңуз керек. Америкалык ишкер жана коомдук ишмер, дүйнөдөгү эң чоң Microsoft ишканасынын негиздөөчүсү. Forbes журналы боюнча дүйнөдөгү эң таасирдүү жана бай адамдардын катарына кирет.

**Керектүү жерде өз убагында болуңуз.** Microsoft ишканасынын ийгилиги анын жолдуу болгондугунан эмес. Ар дайым жаңылыктардан калбаңыз. Сиздин тармакта жакын арада эмнелер күтүлөт, мына ушул нерсеге басым жасаңыз. Атаандаштарыңыздан бир кадам алдыда туруңуз.

**Жакында эки гана ишкананын түрү калат: бирөөсү – интернеттеги ишкана, экинчиси бизнес менен алектенүүнү токтоткон ишкана.** Интернетке басым жасаңыз. Келечекке ошол дүйнөлүк желе аркылуу киресиз. Эгерде сиздин бизнес учурда интернеттин сыртында болсо, Демек, сиздин бизнесиңиз жок деп эсептөөгө болот.

**Атаандаштарды изилдеңиз.** Атаандаштардын сайтын байма-бай карап туруңуз. Алардын ийгилигин тоготпой койбогула. Алардын максаттарын, багытын дайыма изилдеп туруңуз.

**Чечкиндүү болуңуз.** Мыкты менеджер эң жаман кабарларды да эрктүүлүк менен тосуп алат. Оор басырыктуулук менен бардык көйгөйлөрдү чечсе болот.

**Жумушка өз адисин мыкты билгендерди гана алыңыз.** Эң акылдуу гана адамдарды кызматка алыңыз.

**Бүгүн баштаңыз.** Жаңы жылды, айдын башталышын же биринчи күндү күтпөң. Эгер ишиңизде сизге бир нерсе жакпай жатса - өз ишиңизди дароо, азыр баштаңыз. Сиз кызыккан, жакшы көргөн жумушка көбүрөөк убактыңызды коротуңуз.

**Ыраазычылык күтпөңүз.** Качан мага рахматын айтат деп күтпөңүз бул дүйнөдө эч качан душманы жок бай жана ийгиликтүү адам болуу мүмкүн эмес.

**Ийгиликке көңүл бурбаңыз.** Ал убактылуу жана өзгөрмөлүү. Максатка жеткенден кийин жөн гана отуруп калбаңыз. Алдыга кайрадан жаңы максат коюңуз. Ийгилик - начар мугалим, ал элдерге жеңилүү сезиминин жоктугун туудурат. Бул болсо жеңилүүгө алып келет.

**Топтон бөлүнүңүз.** Ал көбүнчө туура багытта кетпейт. Андан көрө өзүңүз өнүгүү үчүн жеке жолуңузду тандаңыз.

**Көрө албастык - менин атаандаштарымдын кетирген каталарынын себеби болуп саналат.** Алар Microsoft ишканасына кантип бут тособуз деп ойлонуп отуруп, максаттарына көңүлүн бура албай калышат. Ал эми биз үчүн бул чыныгы жолдуулук болуп саналат.

**(Шоокум журналынан алынды)**

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Канайым Акназарова
Майрам Шарип кызы
Айжаңыл Нурмамат кызы
Айжамал Асланбек кызы
Элмира Асилбек кызы
Гүлзар Максытали кызы

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902